5. Лихачёв, Д. С. Русская словесность // Русская словесность: От теории словесности к структуре текста : антология / под ред. В. П. Нерознака. – М., 1997. – С. 287–294.
6. Абдразакова, Г. Ш. Концепт жана аны окутуунун айрым маселелери : окуу-методикалык курал. – Бишкек, 2018. – 96 б.
7. Телия, В. Н. Русская фразеология: семантический, прагматический и лингвокультурологический аспекты. – М. : Языки русской культуры, 1996. – 288 с.
8. Логический анализ языка: Культурные концепты / отв. ред. Н. Д. Арутюнова. – М. : Наука, 1991. – 203 с.
9. Пименова, М. В. Душа и дух: особенности концептуализации. – Кемерово : КемГУ, 2004. – 385 с.
10.Lyons, J. Language and Linguistics. – Cambridge : Cambridge University Press, 1997. – 356 p.
11.Тильман, Ю. Д. Культурные концепты в языковой картине мира: Поэзия Ф. И. Тютчева : дис. ... канд. филол. наук : 10.02.19. – М., 1999. – 232 с.
12.Павиленис, Р. И. Язык. Смысл. Понимание // Язык. Наука. Философия: логико-методологический и семиотический анализ. – Вильнюс, 1986. – С. 240–263.
13.Попова, З. Д. Понятие «концепт» в лингвистических исследованиях / З. Д. Попова, И. С. Стернин. – Воронеж : Воронежский государственный университет, 1999. – 35 с.
14.Попова, З. Д. Из истории когнитивного анализа в языке / З. Д. Попова, И. С. Стернин // Методология когнитивных исследований. – Воронеж : [б. и.], 2001. – 148 с.
15.Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Бишкек : Аврасия Пресс, 2015. – 2-бөлүк. – 800 б.

Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Каратаева С.К.

УДК:82:80/81(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-49-53

Абдылдаева Ш.У.
Кыргызстан эл аралык университети
Абдылдаева Ш.У.
Международный университет Кыргызстана
Abdyldaeva Sh.U.
International University of Kyrgyzstan

КӨРКӨМ ТЕКСТТИН СТИЛДИК АЙРЫМ БИР ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
НЕКОТОРЫЕ СТИЛИСТИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ТЕКСТА
SOME STYLISTIC FEATURES OF THE LITERARY TEXT

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада көркөм тексттин табияты, анын структуралык, функционалдык жана эстетикалык өзгөчөлүктөрү, аталган маселе боюнча окумуштуулардын ой-пикирлери, көркөм тексттеги тилдик каражаттардын көп маанилүүлүгү, көп катмарлуулугу жана ар тараптуу эстетикалык кызматы, жазуучунун индивидуалдуу дүйнө таанымы, дүйнөнү көркөм чагылдыруу өзгөчөлүгү жана көркөм ой жүгүртүү дарамети тууралуу маселелер конкреттүү көркөм-поэтикалык тексттин мисалында талдоого алынып, көркөм тексттин стилистикалык табияты илимий негизде аныкталып берилди.

Аннотация: В статье рассматривается природа художественного текста, его структурные, функциональные и эстетические характеристики, а также взгляды учёных на данную проблему. Анализируются многозначность, многослойность и разносторонняя эстетическая функция языковых средств в художественном тексте, индивидуальное мировоззрение писателя, особенности художественного изображения действительности и особенности художественного мышления. На

основе анализа конкретного поэтического текста выявляется и научно обосновывается стилистическая природа художественного текста.

Abstract: This article examines the nature of the literary text, its structural, functional, and aesthetic characteristics, as well as scholars' views on this issue. The study analyzes the polysemy, multilayeredness, and multidimensional aesthetic function of linguistic means in the literary text, the writer's individual worldview, the features of artistic representation of reality, and the characteristics of artistic thinking. Based on the analysis of a specific poetic text, the stylistic nature of the literary text is identified and scientifically substantiated.

Негизги сөздөр: текст таануу; көркөм текст; функционалдык стиль; тилдик каражаттар; көркөм-эстетикалык функция; көркөм образ; негизги көркөм деталдар; көркөм тексттин стилдик өзгөчөлүктөрү.

Ключевые слова: лингвистика текста; художественный текст; функциональный стиль; языковые средства; художественно-эстетическая функция; художественный образ; основные художественные детали; стилистические особенности художественного текста.

Keywords: text linguistics; literary text; functional style; linguistic means; artistic and aesthetic function; artistic image; main artistic details; stylistic features of the literary text.

Ар бир көркөм текст – автордун, сүрөткердин чындыкты таанып-билип, аны чагылдыруусунун натыйжасы [1]. Чыгарма жаратуучунун жекече элестеткен дүйнөсүн чагылдыруусунун негизинде адабий чыгарма, башкача айтканда, көркөм текст окурмандын аң-сезимине жана ой жүгүртүүсүнө таасир этет [2]. Көркөм текст ошондуктан көркөм-поэтикалык касиетке ээ [3].

Биздин оюбузча, көркөм чыгарманын текстинде автор чындыкты ачык, түз эле бербестен, аны көркөм ой жүгүртүүнүн негизинде кайра иштеп, образдуу формада чагылдырып берет. Ал реалдуу турмуш көрүнүштөрүн ойдон чыгарылган окуялар, ар кандай каармандар жана кырдаалдар менен айкалыштырып, окурманга таасир бере турган көркөм дүйнөнү түзөт. Ушул процессте көркөм текст аркылуу калемгердин дүйнө таанымын, ички ой-толгоосун, жашоо-турмушка карата мамилесин, эстетикалык көз карашын жана жекече позициясын анык көрө алабыз.

Мында чындык менен ойдон чыгарылган жагдайлардын айкалышы авторго турмуштагы ар түрдүү маселелерди окурмандарга тереңирээк ачып берүүгө, адам тагдырын, ички дүйнөсүн, коомдук көрүнүштөрдү кенен сүрөттөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Мындай ыкма аркылуу автор өзүнүн көз карашын түздөн-түз айтуудан көрө, образдар, символдор жана көркөм деталдар аркылуу кыйыр түрдө билдирет. Натыйжада, көркөм чыгарма окурманды терең ой жүгүртүүгө, адамзаттык жана улуттук баалуулуктар, жашоонун маңызы жана кандайдыр бир турмуштук жагдайлар, маселелер тууралуу өз алдынча тыянак чыгара билүүгө үйрөтүп, анын аң-сезимине күчтүү таасир тийгизет.

Окумуштуу Т.С. Маразыков "Көркөм текст: иликтөө жана окутуу маселелери" аттуу эмгегинде көркөм стилдеги текст кайталангыс, уникалдуу, улуттук маданиятты жана жалпы адамзаттык маданиятты түптөөгө негиз болгон жагдайларга бай, өзгөчө текст экендигин айтат. Анда улуттун бүтүндөй маданияты, мурункунун жашоо тажрыйбалары, турмуштун ачуу чындыгы, илим-билими жана кайталангыс өзгөчөлүктөрү түзгөн көркөм-эстетикалык табылгалары, ачылыштары бар экендигин белгилейт [4, 19–20-б.]. Бул эмгекте көркөм стилдеги тексттин стилдик табияты, уюшулушу, анын негизги функциясы ж.б. маселелер каралып, көркөм тексттерди талдоонун негизинде окумуштуунун бир нече аныктамалары мыкты деңгээлде так берилген. Мына ошол маалыматтарга таянуу менен бул иликтөөбүздө көркөм тексттин стилдик табияты тууралуу ой бөлүшөбүз.

Көркөм стилдеги тексттер – башка тексттердин ичинен эң байыркыларынын бири. Сүйлөшүү чөйрөлөрүн жана стилдерди изилдөөдө көркөм стилдеги тексттерди иликтөө өтө маанилүү. Бул багыттагы иликтөөлөр да бир түрдүү эмес. Аталган багытта илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн окумуштуулардын көркөм текст боюнча көз караштары да ар түрдүү.

Көркөм текстте көркөм-эстетикалык маалыматтар жана көркөм образдар каймана мааниде (подтекстте) туюндурулат. Мына ушул көрүнүш көркөм тексттин функционалдык-стилистикалык өзгөчөлүгү болуп саналат. Орус окумуштуусу И. Р. Гальпериндин ою боюнча, көркөм текст: «Берилип жаткан маалыматта (тексте) шарттуу түрдө инсандын (адамдын) көрүнүшү, турган турпаты, кыймыл-аракети, мүнөзү, портрети тартылса, ал текст көркөм текст болот да, мында каармандын образы көз алдыңа келет» [5, 221-б.]. Ал көркөм текстти: 1) ыр түрүндөгү текст; 2) драмалык текст; 3) прозалык текст деген үч түргө бөлүп карайт. Кандай гана жанрда жазылбасын, көркөм тексте каармандардын бир гана сырткы кебете-кешпири, турган турпаты сүрөттөлбөйт. Анда каармандардын ички ойлонуу-толгонуусу, психологиялык ал-абалы, инсандык мүмкүнчүлүктөрү каймана түрдө көркөм баяндалат. Демек, көркөм текст дүйнөнү көркөм чагылдырган, адам турмушун, анын ички жан дүйнөсүн көркөм иликтеген, адамдын эмоционалдык дүйнөсүнө жана аң-сезимине таасир этүү үчүн түзүлгөн чыгарма болуп саналат. Мына ушул белги көркөм стилдеги тексттердин эң негизги стилдик белгилеринин бири.

Адабий көркөм туунду текстти, адатта, тексттин артындагы кубулуштар, анда чагылдырылган турмуштук жагдайлар, ал жазылган мезгилдеги руханий маанай, тексте баяндалып жаткан убакытка тиешелүү билимдер, маалыматтар ж.б. коштоп турат. Ал эми көркөм чыгарманын текстинин артында, тулкусунда көмүскө катылган маанини көрө билип, аңдап-түшүнмөйүн, аны туура жана терең талдап өздөштүрүү мүмкүн эмес. Демек, калемгердин чыгармасынын идеялык-эмоционалдык системасынан көрүнүүчү баалуулуктарды аңдап билүү окуучуларды бүтүндөй улуттун, бүткүл дүйнөлүк коомчулуктун маданият талаасына алып кирип, аларга социалдык жактан маанилүү руханий жана эстетикалык таасир тийгизет.

Көркөм тексте тилдик каражаттардын кубулма касиетке ээ болушу, анда көркөм сөз каражаттарынын көркөм-эстетикалык функцияда колдонулушу, турмушту реалдуу көркөм сүрөттөө максатында адабий тилдин нормасына жат элементтердин жана улуттук тилдин бүтүндөй мүмкүнчүлүктөрүнүн пайдаланылышы көркөм тексттин дагы бир негизги стилистикалык өзгөчөлүгү катары каралышы зарыл.

Көркөм тексттин мына ушул сыяктуу негизги стилдик өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү максатында төмөндө Т. Мукановдун бир ырына иликтөө жүргүзөлү.

Мисалы:

Билесиңби, алыска кетүү эмнем?
Ал сени өмүр бою эске тутуум,
Сагынуум,
Өңдөн таюум күзгү чөптөй,
Соксоюп жалгыз басуум бир кыз өппөй…
Билесиңби, алыста калуу эмнең?
Күтүү деген улуу отту жагып коюуң.
Карекке жаш терметүүң майрамдарда,
Жылмаюуң, элесиңди
Эм кылып кайран жанга.
Мен шаарга кетпей эле кеткенсидим
Дүйнөгө муздан бүткөн… кара бороон…
Сен көлдө калбай эле калгансыдың
Жалында алоолонгон! [6].

Бул ыр жалпы мааниси боюнча махабат темасына арналып жазылган. Жөн эле махабат эмес, армандуу махабат. Анда көркөм сүрөттөлгөн лирикалык каармандын күтүүсү, сагынычы, кусалыгы, сүйүү мамилесиндеги карама-каршылык, максаттарынын ар башка болушу көркөм стилдин табиятына ылайык поэтикалык формада туюндурулган. Ошондуктан бул көркөм тексте семантикалык жана структуралык байланыш бекем сакталган. Ашыктык азабынан жапа чегүү, санаага батуу сыяктуу көрүнүштөрдү камтыган ырдын жалпы поэтикалык түзүлүшү образдуу жана элестүү тилдик каражаттардын негизинде баяндалган.

Жогорудагы поэтикалык структура жана багыт ырдагы негизги деталдар аркылуу көп багыттуу көркөм туюндурулган. Маселен, бул ырда «кетүү», «калуу», «күтүү» деген сөздөр негизги көркөм деталдар болуп саналат. Акын «Билесиңби, алыска кетүү эмнем?» деген сапта «кетүү» деген сөзгө өзгөчө маани сиңирген. Конкреттүү ушул көркөм текстте «кетүү» деген сөз көп катмарлуу мааниге ээ.

Ыр текстинин экинчи жана үчүнчү саптарында бул «кетүү» жөн эле кетүү эмес, ашык болгон адамдан түбөлүк айрылуу, ажырашуу экенин акын кыйыр түрдө билдирет. Мындай маани «кетүү» – «өмүр бою эске тутуум» – «сагынуум» – «өңдөн таюум» – «соксоюп жалгыз басуум» деген тилдик каражаттар аркылуу көркөм жана элестүү чагылдырылган. «Өмүр бою эске тутуу» деген туюнтмада жалындап жакшы көрүү, берилүү, сагынуу, тынымсыз самап туруу, тынчсыздануу, ажырашуу кырдаалына ишенип-ишенбөө, кабыл алып, кабыл албоо сыяктуу бир нече кошумча маанилер камтылган. Мына ушундай коммуникативдик-семантикалык кырдаалдан кийин «сагынуум» деген сөз бул контекстте тек гана сагынууну эмес, «зыркырап», «сыздап», «өкүнүп», «куса болуп» сагынууну, «моралдык-психологиялык жактан кыйроону», «ичтен сызууну» да билдирип, бир нече кошумча семантикалык маанилерге ээ болот.

Ыр текстинде андан кийин колдонулган «өңдөн таюум күзгү чөптөй, соксоюп жалгыз басуум бир кыз өппөй» деген ыр саптарында баштапкы маанилик агым андан ары өркүндөп-өрчүтүлгөн. Жаш адамдын «күзгү чөптөй өңдөн таюусу» турмушта эңсеп-кыялданган максаттары менен үмүттөрүнүн кыйрашын, болочок тагдыр жолунун белгисиз туңгуюкка кептелип, багыты жок абалда көп мезгил боштукта жашап калуусун кыйыр туюндурат. Маанилик фондо жаш адамдын «бир кыз өппөй», «соксоюп» жалгыз басуусу ашык болгон селкисин башкага алмаштыргысы келбеген, бир адамга толук байланып берилген, жан дүйнөнү кыйнаган жалгыздык абалын билдирет. Жогоруда көрүнүп тургандай, бул ырда «кетүү» деген көркөм деталь көп катмарлуу маанилик кырдаалды ар тараптуу көркөм туюндурат.

Ушундай эле көрүнүш ыр текстинин экинчи бөлүгүндө да колдонулуп, андагы «алыста калуу» деген негизги көркөм деталда да байкалат. Ал лирикалык каармандын сүйгөн селкисинен алыста калуусун, жалындап күтүүсүн, кайра самап-сагынуусун, үмүтүнүн үзүлбөгөндүгүн кыйыр туюндурат. Кыздын алыста калуусу ашыгынан чындап ажырап калууну, кандай шартта болсо да «карекке жаш терметип», жоктоп, санаага жана азапка батууну көркөм сүрөттөйт.

Бул ыр текстинде лирикалык каармандын ички жан дүйнөсүндөгү моралдык-психологиялык карама-каршылык, ашык болгон адамдан ажырап, кыйрап сынуу сыяктуу көрүнүштөрдү ар тараптуу жана деталдуу көркөм туюндурууда акын сөздүн кубулма касиетин кылдат пайдаланган. Маселен, ашык болгон селки менен ажырашуудан кийин лирикалык каармандын жан дүйнөсүндө шаар «музга», «кара бороонго» айланат. Мында жашоо-турмуштун супсактыгы жана кунарсыздыгы көркөм чагылдырылган. Ушундай маанилик тутумда «Мен шаарга кетпей эле кеткенсидим» деген ыр сабы лирикалык каармандын ички дүйнөсүндөгү бүтүндөй карама-каршылыкты кыйыр чагылдырат. Тактап айтканда, мында лирикалык каармандын ашык болгон селкиси жок жашай албай турган кырдаалы образдуу баяндалат. Ал эми экинчи жак формада айтылган «Сен көлдө калбай эле калгансыдың» деген ыр сабында селкинин да лирикалык каарманга кайдыгер эмес экендиги көп багыттуу жана образдуу туюндурулган. Ошондуктан селки да лирикалык каармандан алыс көлдө «алоолонгон сезим жалынында» калууда.

Жогорудагы иликтөөлөрдөн байкалып тургандай, көркөм текстте негизги көркөм деталдар жана тутумунда көп маанини камтыган тилдик каражаттар көркөм чыгарманын мазмундук өзгөчөлүктөрүн аныктап, окурмандарды ар түрдүү ойлорго түртөт. Тилдик каражаттардын көркөм тексттеги көп багыттуу маанилик тутуму чыгарманын идеялык-көркөмдүүлүгүн арттырат. Анын образдуулугун жана эстетикалуулугун камсыз кылат.

Мына ушундай көркөм текстте туюндурулган эмоционалдуу маалыматтар көркөм-эстетикалык кызмат аткарып, окурмандардын ички дүйнөсүнө, акыл-сезимине таасир этип, алардын ички жактан тазаланууусуна (катарсиске) кеңири мүмкүнчүлүк түзөт. Мына ушул өзгөчөлүктөр (белгилер) көркөм тексттин айрым стилдик өзгөчөлүктөрүн билдирет.

Корутундулап айтканда, көркөм стилдеги текст дүйнөнү көркөм кабылдоонун жана образдардын негизинде ой жүгүртүүнүн өзгөчө формасы болуп эсептелет. Башка функционалдык стилдеги тексттер негизинен коомдогу байланыш-катыштын куралы катары кызмат аткарса, көркөм стилдеги тексттер коммуникативдик милдет менен катар эстетикалык функцияны да аткарат. Ушул себептен улам көркөм текстти эстетикалык баалуулукка ээ болгон көркөм өнөрдүн бир түрү катары кароого болот.

Чыныгы көркөм тексттерде бир эле учурда көп багыттуу, көп пландуу максаттар камтылат. Өзүнүн көркөмдүгү, образдуулугу, ыргактуулугу жана таасирдүүлүгү менен мындай тексттер адамдын сезимине да, акыл-туюмуна да терең таасир тийгизип, аны толкундантат, кубанычка же кайгыга бөлөйт, ар кандай ой-толгоолорго жетелеп, түрдүү сезимдерди ойготот. Натыйжада, көркөм текст адамдын ички дүйнөсүн тазалап, рухун көтөрүп, эмоционалдык дүйнөсүн байытуу менен анын акыл-эсин, дүйнө таанымын кеңейтет жана көркөм-эстетикалык табитин өнүктүрөт.

Мындан тышкары, көркөм текст адамды маданияттуулукка, ыймандуулукка, гумандуулукка, адамгерчиликке, боорукерликке жана кайрымдуулукка тарбиялайт. Ал адамдын сулуулукту жана аруулукту аңдап-билүүсүнө шарт түзөт. Ушундай өзгөчө маалымат берүү ыкмасы көркөм тексттин өз алдынча уюшулушун жана бир бүтүн мүнөзүн шарттайт. Демек, инсанды асыл сапаттарга бай кылып тарбиялоодо, калыптандырууда жана руханий жактан өнүктүрүүдө көркөм стилдеги тексттердин орду жана мааниси абдан зор экендигин баса белгилөөгө болот.

Колдонулган адабияттар

1. Мусаев, С. Ж. Текст: прагматика, структура. – Бишкек, 2000. – 268 б.
2. Өмүралиева, С. Тексттин лингвистикалык теориясы. – Бишкек, 2005. – 155 б.
3. Усубалиев, Б. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. – Бишкек : Учкун, 1993. – 210 б.
4. Маразыков, Т. С. Көркөм текст: иликтөө жана окутуу маселелери. – Бишкек : ЖИ «Сарыбаев Т. Т.», 2020. – 290 б.
5. Гальперин, И. Р. Очерки по стилистике английского языка. – М. : Изд-во литературы на иностранных языках, 1958. – 462 с.
6. Муканов, Т. Каректеги жер : ырлар. – Фрунзе : Кыргызстан, 1976. – 52 б.

Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Маразыков Т.С.

УДК 371.38
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-53-61

Айбашова Т.М.
Ош мамлекеттик университети
Айбашова Т.М.
Ошский государственный университет
Aibashova T.M.
Osh State University

ИЛИМИЙ МАКАЛА ДАЯРДООДОГУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР
НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ПОДГОТОВКИ НАУЧНОЙ СТАТЬИ
SOME ISSUES IN PREPARING A SCIENTIFIC ARTICLE

Кыскача мүнөздөмө: Макалада илимий стилдин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, колдонуу чөйрөсү, грамматикалык жана лексикалык тил каражаттары, ошондой эле илимий макала даярдоонун негизги талаптары каралат. Студенттердин илимий макала жазуу процессинде кездешкен негизги көйгөйлөрү, атап айтканда, макаланын түзүлүшүн сактоо, изилдөө темасын жана көйгөйүн аныктоо, илимий